26-тиркеме

2021-жылдын 5-сентябрында
№1 пед.кенеште каралды

БЕКИТЕМ
Мектеп директору
_______ А.Асаналиева
_______ 2021-жыл

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто берүү мектебине**
**окуучуларды кабыл алуунун жана чыгаруунун эрежелери жөнүндө**
**ЖОБО**

*(КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 31-декабрындагы №1618/1 буйругу, Жалпы билим берүү уюму жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО токтомдорунун редакцияларына ылайык, КР Өкмотүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544, 2014-жылдын 17-сентябры № 535, 2019-жылдын 17-июнундагы № 295*

## 1. Окуучуну мектепке кабыл алуу жолдору

1. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби билим берүү процессин негизги, жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:

-жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү-4 жыл)
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү-5 жыл)
-жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү-2 жыл)

2. Жалпы билим берүү уюмуна бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү мамлекеттик медициналык маалым каттын негизинде мектепте билим берүүнүн бардык баскычына кабыл алуулар сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

3. Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана базистик окуу планынын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбош керек.

4. Окуучуларды мектепке кабыл алууда талап кылынган документтер:

1.Арыз
2. Өздүк дело
3.Туулгандыгы тууралуу күбөлүк
4. Ата-энесинин паспортунун көчүрмөлөрү
5. Жашаган жеринен справка
6. Сүрөт 3*4 даана
7 .Мед справка Фө26,Ф-63
8.Файл папкасы (20 барактык 1 даана)
9.Окуучунун ОМСнин көчүрмөсү

5. 10-класстарга кабыл алууда: ата-эненин арызы, 9-классты бүткөндүгү тууралуу күбөлүк талап кылынат.

6. Мектепке кабыл алууга арыз берилгенден кийин директордун буйругу менен 2 күндүн ичинде окуучу мектепке алынат.

7. 1-класс жана 11-класска кабыл алуу боюнча буйрук ошол жылдын 10-сентябрына чейин чыгарылат.

Scanned by TapScanner

8. Окуучу мектепке киргени тууралуу буйрук чыккандан кийин алфавиттик китепчеге жазылат.

9. Ар бир окуучуга өздүк дело түзүлөт. Өздүк делого окуучунун алфавиттик китептеги жазылышына ылайык номер берилет. Өздүк дело мектепте сакталат

## 2. Окуучуну мектептен чыгаруу

10. Окуучу башка мектепке которулса ата-эненин арызынын негизинде жана окуп жаткан мектебинен аныктама алып келсе өздүк дело берилет.

11. Окуучуну кетирүүдө алфавиттик китепчеге каякка кеткендиги жана себеби жазылат (мектеп ичиндеги буйрук).

12. Жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү уюмунун уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү уюмунан чыгарууга жол берилет.

13. Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат

16. Жетим балдарды жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат

## 3. Жыйынтыктоочу жоболор.

17. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
18. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кенешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип, бекитилет.

Scanned by TapScanner